DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

## БИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## BIOLOGICAL SCIENCES

*Маадалиева А.М., Саматова А.А.*

# АЙГҮЛ ГҮЛҮНҮН *(Petillium eduardi)* БИОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Маадалиева А.М., Саматова А.А.*

# БИОЛОГИЧЕСКИЕ ОССОБЕННОСТИ ЦВЕТКА АЙГУЛЬ *(Petillium eduardi)*

*A. Maadalieva, A. Samatova*

# BIOLOGICAL FEATURES OF THE AIGUL FLOWER *(Petillium eduardi)*

*Жайлоосу жашыл жибектей,*
*Жери жумшак балкыган,*
*Токоюң жашыл бүр алып,*
*Булбулдары таңшыган,*
*Жыпар жыттуу асыл жер,*
*Жетемби сага кыргыз эл?*
***Токтогул***

*УДК: 502/504*

*Бул макалада Баткен районунда өскөн, Кызыл китепке кирген Айгүл гүлүнүн (Petillium eduardi) бүгүнкү күндөгү абалы, коргоо чаралары, биологиялык сүрөттөлүшү ошондой эле көбөйтүү, сактоо иш-аракеттери, адамдардын жашоосу жаратылыш менен байланышта болгону, адам коому өнүккөн сайын өсүмдүктөр жөнүндөгү илим да калыптана баштады. Байыркы мезгилде дүйнө эли өсүмдүктөрдү тамак-ашта гана эмес, ошондой эле дары-дармек, уу жасоого да пайдаланып келээри, ата-бабалардан калган көркөмдүү оймо-чиймелер байыртадан эле боёк өсүмдүктөрүн колдонгондугу белгилүү экендиги, ошондой эле өсүмдүктөр айлана-чөйрөнү коздоп, жаныбарлар үчүн тоют болуп эсептелет. Мындан тышкары абаны да тазалайт. Эң негизгиси бизге керектүү болгон кычкылтекти бөлүп чыгараары камтылган.*

***Негизги сөздөр:*** *айгүл гүлү, ботаникалык заказник, биосфера, Кызыл китеп, өсүмдүктөр, бактерия, саванна.*

*В данной статье описывается текущее состояние занесенного в Красную книгу цветка Айгуль (Petillium eduardi) в Баткенской области, меры его защиты, биологическое описание, размножение, природоохранная деятельность, связь человека с природой и развитие науки о растениях как человеческого общества. развивается. В древности растения использовались не только в пищу, но и в качестве лекарств и ядов, и хорошо известно, что древние украшения издавна использовались для окрашивания растений, а также для украшения окружающей среды и кормления животных. Также он очищает воздух. Самое главное, что он высвобождает необходимый нам кислород.*

***Ключевые слова:*** *цветок айгуль, ботанический заповедник, биосфера, Красная книга, растения, бактерии, саванна.*

*This article describes the current condition of the Red Book-listed Aigul flower (Petillium eduardi), which grows in the Batken region, protection measures, biological description, as well as reproduction, conservation activities, human life in relation to nature, and the development of plant science. In ancient times, plants were used not only for food but also for medicine and poison, and it is well-known that ancestral ornaments have long been used for dyeing plants, as well as for decorating the environment and feeding animals. calculated. It also cleans the air. The most important thing is that it releases the oxygen we need.*

***Key words:*** *aigul flower, botanical reserve, biosphere, Red Book, plants, bacteria, savanna.*

Армандуу өксүк менен жазылган жогорудагы акындын ыр саптары анын мекенге болгон кусалыгын, кыргыз жеринин кооздугун, керемет жаратылышын сүрөттөйт. Деги эле Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү нечендеген кылымдар бою ачыла элек сырларын өз ичине катып келет.

Өсүмдүктөр жаратылышта ар кандай абалда кездешет. Кээде жалгыздап өсүшөт же көбүнчө биргелешип өсүп учу кыйры жок биомдорду: талааларды, шалбааларды, саванналарды, прерияларды, черлерди ж.б. түзүшөт. Экологиясы кеңири болгон өсүмдүктөр көп жерлерди ээлейт, алар шарты катаал ысык чөлдөрдөн да, ызгаардуу бийик тоолордон да, шагыл таштуу тике капталдардан да, жапайы кышы кар кетпеген мөңгү баскан чокулардан да кездешет. Өсүмдүктөр кургакта гана эмес агын сууларда, көлмөлөрдө, деңиздерде жана океандарда да өсө алышат. Илимде жер жүзүндө дайын болгон тирүү организмдердин түрлөрүнүн саны 2 млн.го барабар. Бирок, чындыгында биологиялык ар түрдүүлүктү түзгөн түрлөрдүн саны, адистердин пикири боюнча андан да көп, 5 млн. дон 30 млн.го чамалап барат. Биосферадагы тиричилик түрлөрдүн тынымсыз иш аракеттерине байланышат, себеби түрлөр бири-бири менен тектеш, жашоодо бири-бирине көмөктөш, таяныч болушат. Жандуу организмдердин ар кимисинин жаратылышта өз орду бар, ар бир түр өзүнө таандык болгон иштерди жүргүзүшөт, аны башка тиричилик менен алмаштырууга болбойт. Тирүү дүйнөнүн кандайдыр бир эле түрү -

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өсүмдүкпү, жаныбарбы, бактериябы ж.б. жок болуп кетсе, биосферанын жалпы тиричилигине чоң зыян келтирет, ошондуктан биосферада ар түрдүүлүктүн сакталышын көзөмөлдөө керек. Адамдардын жашоосу жаратылыш менен байланышта болгон. Адам коому өнүккөн сайын өсүмдүктөр жөнүндөгү илим да калыптана баштады. Байыркы мезгилде дүйнө эли өсүмдүктөрдү тамак-ашта гана эмес, ошондой эле дары-дармек, уу жасоого да пайдаланып келишкен. Ата-бабалардан калган көркөмдүү оймо-чиймелер байыртадан эле боёк өсүмдүктөрүн колдонгондугу белгилүү. Ошондой эле өсүмдүктөр айлана-чөйрөнү кооздоп, жаныбарлар үчүн тоют болуп эсептелет. Мындан тышкары абаны да тазалайт. Эң негизгиси бизге керектүү болгон кычкылтекти бөлүп чыгарат.

Кыргызстан Казакстан, Өзбекстан, Таджикстан жана Кытай менен чектешет. Чыгыштан батышка карай республиканын аймагы 900 км созулат, ал эми түндүк менен түштүктүн аралыгы 410 км түзөт.

Кыргызстандын ажайып кооз жаратылышы, экосистемаларынын ар түрдүүлүгү, кимди болсо кызыктырбай койбойт, айрыкча туристтерди кызыктырат. Жер шарында өскөн өсүмдүктөрдүн 1%ы Кыргызстанда өсөт, алардын 600 түрүн дары-дармек катары жана техникада, курулушта, декорацияда колдонсо болот. Жүздөгөгөн түрлөрү корукка татыктуу, өтө кооз өсүмдүктөр, көбүн маданий өстүрүүгө болот. Алардын ичинен согондун 10 түрү, жоогазындын 20 түрү, кулунчактын 7 түрү, байчечекейдин 2 түрү, алгынын бир түрү ж.б. түрдүүлүгү бай болгон далай ийне жалбырактуу токойлор бар.

Ошондой эле өлкөнүн түштүгүндө өскөн дүйнөлүк маанидеги, сейрек кездешүүчү айгүл гүлүн *(Petillium eduardi)* айтууга болот. Дүйнөнүн кооз жаратылышындагы, анын ичинде Кыргызстандын эндемиги Айгүл гүлүнүн *(Petillium eduardii (Regel ex Lozinsk.))* келип чыгышы, анын пайдалуулугу, ошондой эле түрлөрүнүн өзгөчөлүүлүгү азыркы учурда көптөгөн кызыгууларды жаратып, бүгүнкү күндүн эң актуалдуу маселелеринин катарын толуктайт. Кыскача айта кетсек: *Petillium eduardii* Баткен шаарынын күн чыгыш тарабында 17 чакырым алыстыкта «Айгүл» жана «Козулан» тоолорунда жайгашкан. Тилекке каршы гүлдүн бүгүнкү абалы ич жылытаарлык эмес. Анткени буга чейинки көрүлгөн коргоо чаралары жокко эсе болуп, адамдардын коргоосунда эмес, кордоосунда калган. Ага удаа жаратылыш кырсыктары, сел, жаан-чачындын көп болушу да терс таасирин тийгизип келген..

**Айгүл гүлүнүн *(Petilium eduardi)* кыскача таржымалы.** Баткен районунун Кара-Булак айылы деңиз деңгээлинен 1500 м бийиктикте орун алып, район борборунан 17 чакырым алыстыкта жайгашкан тарыхый айыл болуп саналат. Бүгүнкү күндө калкынын саны 4000ге чукул. Жергиликтүүлөр негизинен мал-чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенишет

Айылдын күнгөй тарабын адырлуу тоолор, түздүктөр курчап турат. Күнгөй тарабында жогорку температура басымдуулук кылып, ысыкка чыдамдуу ксерофит өсүмдүктөр өсөт. Ал эми тескей тарабы бийик-бийик мөңгүлүү аска жана бөксө тоолор, жайлоолор, жашыл талаалар, арча-карагайлар, түркүн-түстүү гүлдөр менен курчалган. Ошондой эле бири- бирине бетме-бет жайгашкан «Айгүл» жана «Козулан» тоолорунда *Petilium eduardi* (Айгүл гүлү) өсөт. «Айгүл» тоосу Айгүл-Таш айылында, Кара-Булак айылынан 1 чакырым аралыкта, ал эми «Козулан» тоосу Кара-Булак айылында жайгашкан. Бул гүл тууралуу Кара-Булак айылынын Кара тоосунун Кара үңкүрүндө жашаган жазуучу жана санжырачы Мурзапар Үсөн төмөнкүдөй баяндайт:

«Илгери бул Кара-Булак аймагында бир бай жашайт экен. Анын ай чырайлуу Айгул аттуу кызы болуп өзүнүн наздыгы, сулуулугу менен башкалардан айырмаланып, адептүүлүгү жана эмгекчилдиги менен ата-энесин кубанычка бөлөп келет. Айгүл бой тартып эрежеге жеткенде ай жамалы ачылып сулуу кызга айланып, ошол эле айылдагы Козулан деген баатыр, эмгекчил жигитти сүйүп калат. Эки жаштын ата-энеси да балдарынын купуя сезимдерин байкап калышып билдирбестен той камын көрө башташат.

Бирок, какаганга муштаган болуп бир ирет баскынчы душмандар менен болгон катуу кармашта баатыр Козулан багынып бергиси келбестен кашык каны калганча салгылашып жатып каза болот да жеңилүүгө аргасыз болушат. Жолдоштору анын жүрөгүн айылга алып келишет. Айгүл бул кайгылуу кабарды укканда чыдабай, ыйлаган бойдон дарыянын жээгине келип отурат да сүйгөнү менен ушул дарыянын жээгинен таанышканын эске түшүрөт. Ал жерден үйүнө келип курбу кыздарын ээрчитип тоону көздөй жөнөйт. Тоого жетип курбу кыздар менен коштошот да, өзүн бийик аскадан төмөн карай таштап жан берет. Арадан бир топ мезгил өтүп, ошол тоонун боорунан кыздын канына боёлгондой кочкул кызыл, саргыч түстөгү өтө кооз гүл өсүп чыгат. Ал гүлдү «Айгул гүлү» деп кыз боюн таштаган асканы «Айгул таш» деп, ал эми Айгул таштын бет маңдайындагы тоону «Козулан тоосу» деп аташат. Баатыр жигит Козуландын жүрөгү кыз менен кошо жерге жашырылат. Ошентип, тирүүсүндө тагдырдын буйругу насип этпеген бул эки жаштын тилеги тигил дүйнөдө биригип, алардын каны-жанынан Айгүл гүлү жаралып калган экен». (-http://www.dem.kg/index.php/kg/ar ticle/30265/ ayg-l-zh-n-nd-ulamysh*)*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми тарыхка кайрылсак: Б.з.ч. II к. Фергана өрөөнү чарбачылыгы өнүккөн күчтүү мамлекет болгон. Анын экономикасынын негизин сугат дыйканчылыгы түзгөн. Калктын көпчүлүгү күрүч, буудай, пахта, жүгөрү өстүргөн. Ошонун натыйжасында соода сатык да мыкты өнүгүп турган. Б.з.ч. VI кылымдарда Енисейлик кыргыздар Борбордук Азияны басып өткөн Улуу Жибек жолу аркылуу соода жүргүзүп турушкан. Чыгыш Түркстандан жана Согда, Чүй өрөөнүнөн кербендер Енисейге кездемелерди, асем буюмдарын алып келип турушкан. Кербендин жолдору Түркестан кырка тоолорун кый өткөндүктөн Айгүл гүлүнүн уруктары түшүп, ошондон улам гүлдүн бул түрү Айгүл-Таш, Кара-Булак тоолорунда сакталып жана корголуп келет.

Айгүл гүлү *Petilium eduardi* 1978-ж. СССРдин Кызыл Китебине киргизилген.

Тилекке каршы 1980-ж. жакшы көңүл бурулбай, жок болуу коркунучунда калган.Анткени бул гүлгө кызыктар болгондор эч кандай уруксаты жок каалашынча үзүп, жулуп, бейбаштык кылып тамырын да кошо алып кеткен учурлар көп болгон. Тоо боорунда тепселенип жаткан жан кейиштүү абалына жергиликтүү эл кош көңүл карап турган жок. 1982-ж. Кара-Булак айылдык мектептин ыктыярчы тобу жана ошол кезде мугалим болуп эмгектенип турган Мурзапар Үсөн агайдын жетекчилиги астында гүл корукка алына баштаган. Жаздын бугу-кулжа (апрель-май) айларына чейин ыктыярчы топ тоого келген эс алуучуларга касиеттүү гүлгө аяр мамиле жасалуусун эскертишип, элди маданияттуулукка, жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга үгүттөп турушкан. 1989-ж. Кара-Булак айылында алгачкы жолу Нооруз майрамы белгиленип, 16-апрель күнүн «гүл майрамы» деп белгилешкен. Бир күндү майрам деп белгилөө менен гүлдү коргоонун бирден бир жолу болуп саналган. Ошол мезгилден тарта бүгүнкү күнгө чейин салтанаттуу түрдө майрамдалып келет. Чет элден келген туристтер үчүн да аз да болсо шарттар түзүлүп, жакшыртылууда.

2001-ж. жазында нөшөрлөп жааган жаандан улам, тоо боорунда өскөн гүлдүн саны азайып, багытсыз жерлерде өсө баштайт. Мындан улам жергиликтүү калк чачыранды жаткан гүлдөрдүн пиязтүптөрүн короолоруна өстүрүп алышкан. Бара-бара айгүл тоосуна жакын жайгашкан айылдардын дээрлик баарынын короосунда жаз айынын апрелинде бул гүлдү кездештирүүгө болот.

2004-ж. Кыргызстандын Кызыл Китебине киргизилип, ал эми айгүл гүл өскөн тоонун 300 гектар аянты тосмого алынып, жергиликтүү калк жана токой-чарба башкармалыгы тарабынан коргоого алына баштаган.

Ошондой эле Республикалык маанидеги «Айгүл-Таш тоосу» мамлекеттик ботаникалык заказникти түзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-ж. бештин айынын тогузундагы (9-ноябрь) №628 токтому кабыл алынып, токтомго ылайык Баткен облусунун Баткен районунун аймагында Республикалык маанидеги «Айгүл-Таш тоосу» мамлекеттик ботаникалык заказник 10 жыл мөөнөткө түзүлгөн (1-сүрөт).



**1-сүрөт.** (Айгүл-Таш мамлекеттик ботаникалык заказник).

Гүл сүйүүчүлөр атайын Кыргызстандын булуң-бурчунан келип, көрүп суктанып кетишсе, айрымдары жаратылышка, гүлгө корс мамиле жасашып, үзүп, тебелеп кетишет. Аларды мектеп активисттери, ыктыярчы топтор көзөмөлгө алып, эскертүүлөрдү берип, айрымдарына айып пул салышат. Элдин эскиде калган аң сезими, ой-жүгүртүүсү, жаратылыш берген баалуулуктарды барктай албагандыгы, айтылуу Козулан жана Айгүл тоолорунда тамырынан жулунуп, тепсендиде калган гүлдү көрүп кимдин гана зээни кейибесин!?

Келгиле, жаштар Баткендин айгүлүн сактап калалы!

**Адабияттар:**


1. Аламанов С.К., Лелевкин В.М., Подрезов О.А., Подрезов А.О. Борбор Азиянын климаттык өзгөрүүлөрү. Б., 2006. - 34-б.
2. Асанов Ү., Бараталиев Ө., Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2010. - 270-б.
3. Аширахманов Ш. Почвы Кеминской долины. Ф., 1963.-132-б.
4. Аширахманов Ш. Почвы Кеминской долины. Ф.,1963.- 20-б.
5. Аширахманов Ш. Почвы Кеминской долины. Ф., 1963.- 2-б.
6. Баралталиев Ө. Н.Алымкулова Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясы. Б., 2012. - 4 -б.
7. Баранова М.В. К систематике рода Lilium Л., 1990. - 74-б.
8. Миралы кызы А., Момунова Г.А. Редкие и исчезающие виды растений Баткенского региона. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 11. С. 37-41